***Б.С. Досиева***

# Эл ырчыларынын эскерме-баяндары тууралуу учкай сөз

Арстанбектин өз башынан өткөргөн жеке турмуштук, акындык жолунан алда канча так билдирүүлөр берген «Керээз», «Сүйүмбай менен айтышы», «Жеңижок менен учурашуу» аттуу түрдүү ырларын окуп көрсөк, улуу ырчынын ырчылык өнөрүнүн ажары ачыла түшөт. Албетте, бул чыгармалардагы биз айтып жаткан ойлор ашкере таланттуу ырчынын өмүр жолунан айрым алган эпизод, же бүтүн чыгармадан үзүндүлөр сыяктуу кабыл алынарын унутпоого тийишпиз. Алардын жаралыш табияты ошондой. Бир термеде, же узун ырда бир тема баштан аяк айтылбай үзүндүлөп гана ырдалат. А бирок, урунттуу учурлар сөзсүз калат.

Мен Арстанбек болгону,
Периште ишим оңдоду.
Коконго барып жашымда,
Кыпчактардын ыктуусун,
Ордо хандын мыктысын
Бирден терип ырдадым.
Кыйлаларын сындадым.
Сарт[1] аке менен беттештим,
Комузда күү чертиштим.
Анжиян, Кокон аралап,
Ырчылыгым дааналап,
Кайта келдим пааналап.
Караколду бийледим,
Калк ичинде сүйлөдүм.
Алдыма киши чыкпады,
Ырчынын баары ыктады.
Калк ичинде ырдадым,
Калктын сөзүн тыңдадым.
Караөзгөйдү сындадым.
Журт ичинде ырдадым,
Журт жакшысын сыйладым,
Музооке[2] менен муңдаштым.
Сейилкан[3] менен чертиштим.
Каркыраны жайладым,
Казакка барып ырдадым.
Тезек төрө[3] алдында,
Замана ырын зарладым.
Экейден чыккан Суйүмбай[4]
Башканы көргөн буюмдай
Айтса сөзү куйундай.
Акы менен айтыштым,

---

1

Сарт аке - Түштүктүк Ысакан ырчынын лакап аты.

[2]1Арстанбек. Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы. Бишкек- 1994.
Музооке Тоголок Молдонун чоң атасы, комузчу, акын.

[2] Ормон хандын уулу Сейилкан, чон комузчу болуптур.

[3] Тезек төрө - казак султаны, акындыгы да бар экен.

[4] Сүйүмбай Арон уулу — казак акыны.

[5]Кантарбай — казак акыны.

[6] Көкөтай- сөзмөр чечен.

3

Өткөн кептен тартыштым.
Каңтарбайды[5] кантардым,
Калк ичинде аңтардым.
Тынымсейит уругу
Көкөтайды[6] көргөмүн,
Көрүп көңүл бөлгөмүн.

Ушул асты сызылган саптарга акырын көңүл буруп окуган окурман Арстанбектей залкар акындын басып өткөн жолу менен чыгармачылык жактан өсүп-өнүгүшүндө кандай баскычтар болгонунан кыйла факты-маалыматтар алат. Өзүнүн табият тартуулаган талант дараметинен -ырчылык, комузчулук өнөрү кайсы деңгээлде экендигинен, элдин ага карата жасаган мамилесинен түшүнүк алдырат. Баарынан да баалуу жагы -келтирилген саптарда реалдуу чындык белгилери жашап тургандыгы. Азыркы окулган үзүндү канчалык даражада акындын өмүр жолуна чыгармачылык жетилүүсүнө дал келишин башка ырлары менен термелеринде да айткандарынан көрүүгө болот. Ушул эле «Керээзинде» айтылган ойлор «Суйүмбай менен кармашуусунда» кайталанат. Айрым кошумчалар кошулат.

Туура он алты жашымда,
Жаратканды жар тутуп,
Жалгыз чобур ат минип,
Камчыланып бат жүрүп,
Атам Буйлаш артынан
Саркерлердин[4] зарпынан,
Анжыянга баргамын.
Комуз чертип, ыр ырдап,
Ордонун болгом эркеси,
Көп ырчынын серкеси,
Мендей барбы эр киши.
Алымбекти көргөмүн,
Ордохандын ичинен,
Өзгөчө көңүл бөлгөмүн.
Кокон менен Маргалаң
Кошо жүрдүм аралап,
Ырчылыгым дааналап,
Хан датканы пааналап.
Көп акын менен айтыштым,
Көп ичинде тартыштым.
Комуз күүсү жагынан,
Эч ким менден өткөн жок,
Бет алып ырчы чыккан жок.

Булардын улам кайталанып жатышы, акындык чыгармачылык өмүр жолундагы абдан маанилүү күчкө ээ делчү учурлары болгондугунда, аныктоочу күчкө ээ экендигинде. Ошол үчүн кийин да чоң-чоң эскерүү ырларында кайра-кайра жаңыланып белгиленип жатат.

Баятан бери караштырып келаткан эскерүү багытындагы өмүр баяндык көркөм чыгармалардын дагы бир көңүл бурарлык үлгүсү болуп Молдо Кылычтын «Кол казал» деген чыгармасы эсептелинет. Мында баштан аяк жазгыч акындын өз башына муң-кайгы, чырмаган тор мээнеттин азабы баяндалып турат. Чыгарма «чү» дегенде эле мына бул саптар менен башталат:

Көрдүм азап бир далай,
Жара чыгып сол колум.
Агерде көргөн иш эмес,
Мындай азап болгонун.

Андан ары «сасып кетти ысыктан, Ириң менен кан агып» делип сүрөттөлүнөт да, күтүүсүз азаптуу мээнет чулгаганда пенде баласынын ой-санаасын бүлүккө салуучу ар кандай

---

[4]Саркер - кол башчы, аскер башчы (иранча)

сезимдер бир топ билгичтик менен баяндалат. Айрыкча өзүнүн акындыгы, жазып жүргөн чыгармаларынын тагдыры жөнүндөгү сарсанаалары кимди болсо да эт-жүрөгүн козгобой койбойт. Чыгарма «беш бармагы төрт болгондугун», айтып келип анан «баары тегиз кыз баладан» кийин эми минтип Тобокел деген эркек балалуу болгондугун баяндаган, тагыраак айтканда ар кандай жамандыктын артынан жакшылык келерин кандайдыр бир символикалуу түрдө көрсөтүп турган оптимисттик маанай менен жыйынтыкталат.

Мына ушундай эскерме өмүр баяндын баштан аяк иштелип бүткөн бири-бирине толук чыгарма катары мыкты үлгүсүн Барпыдан табабыз. Сөз улуу ырчынын «Мен көргөн күндөр» деген көркөм туундусу жөнүндө баратат. Беш бөлүкчөдөн туруп чакан поэманын көлөмүнө барабар болгон бул чыгармасында Барпы тээ бала күнүнөн баштап залкар ырчы болгонго чейинки өмүр жолун эң урунттуу, тагдыры чечилген маанилүү учурларын абдан системалуу түрдө келтире баяндап берет. Аны акындын өз оозунан угуп, өзү кагаз бетине түшүрткөн турпатында окуп көрсөк бизге абдан жеткиликтүү кабылданат.

Кор болдум шол убакта ооруп дилим,
Айтамын арманымды, элим, билгин[5],-деп башталат чыгарма. Андан аркы ырдын жүрүшүнөн биз акындын эмнеден кор болуп, жаш башка азап тарттырып кирген, өмүр бою өзүнө тагдырын байлап өткөн эң бир трагедиялуу көрүнүштөн кабар алабыз. Аны ыр өзү айтат:

Кубарды зарлай-зарлай кызыл жүзүм,
Ооруду он бир жашта эки көзүм.

Көр оокаттын көйгөйү кыйын экен. Ошол абалына каратпай аны да оор шарт, суранган тамак ишке түшүргөнү жатпайбы. Кандайча экендиги бул:

Атакем сүйүп мени «балам» деди,
«Ач калдык, сени малай салам» деди.

Ошентип Назарбайга болдум малай,
Малайлык туткунунда жүрдүм далай.

Алты сомго он эки ай малай жүрдүм,
Кедейлик кесиринди шондо билдим.

Бергени ичериме мага атала,
Жатканым иттер менен саманкана.

Кээ күнү кууп чыгып терт дебөттү,
Ээлеймин жылуу жерин өзүм гана[2]

Асты сызылган саптарды эле карачы. Бала малайдын Назарбайдан көргөн кордугун өтө тыкаттык менен, майда-чүйдөсүнө чейин, баарынан да окуган адамдын жүрөк-жүлүнүн титирете турган деңгээлге жеткире сүрөттөлгөн. Улам нарылап бир байдын колунан кетип, экинчи байдын колуна түшүп отурганы эки дүйнөдө эсинен кеткис элес калтырган экен. Акын ошолордун баарын көз алдынан өткөрүп отуруп, кийинки баасын берип жатканын көрөбүз.

Байдан бай авла эмес, бардыгы сук,
Кедейди эзип жеген арам тумшук.
Калмат бай айырмасыз Назарбайдан,
Азаптан азапка өттүм, кетти айлам...

Калматта канча жылы малай болдум,
Арылбай кыйнай берди менин шорум.
Калматтан барган сайын Мадалы ажы,
Азаптан кутулбадым мында дагы...

Жокчулук сөөгүмө тамга болду,

---

[5] Барпы. Чыгармаларынын бир томдук жыйнагы.-Ф.: Кыргыхзстан, 1970.-190-бет.

[2] Барпы. Чыгармаларынын бир томдук жыйнагы.-Ф.: Кыргызстан, 1970.-190,192-беттер.

Байларда малай жүрдүм таппай жолду[6].

Тилекке жараша, бала Барпы кийинки турмушунда өз жолун таап, алгач Жеңижокко жолугуп («Бир күнү Жеңижокко бет келиштим// Ырдашып нечен сөздү теңшериштим. // Жеңижок: «Сен болосуң акын»-деди. // «Бала ырчы аталасың акыр»-деди // «Кааласаң Токтогулга баргын» -деди // «Акындык чын нускасын алгын»-деди), андан соң Токтогулга издеп келип жолуккандыгы, улуу устаттын сыноосунан өтүп, купулуна толгондугу кеңири да, так-таамай да баяндалып берилет:

Токтогул акын экен анда максат,
Мингизди сүйгөнүнөн кулун боз ат.

Токтогул жолго салды мени барктап,
Жүрөмүн алтын нускаң дайым сактап[7].

Андан ары улуу ырчы нукура эл мүдөөсүн, эл максатын ырдаган улуу төкмө болгондугун, жаңы заманга, теңчилик турмушка жетишкендигин зор эргүү, өзгөчө бир бийик маанай менен баяндап берет. Дегеле, Барпынын бул ырынын финалдык бөлүгү башкачараак бүткөн десек болот.

Жыйынтыктап айтканда, эл ырчыларынын эскерүү таризденген өзүмдүк көркөм туундулары бир жагынан, аталган жанрдын өзөк тамырынын түп башаты болсо, экинчи жагынан, оозеки эскерүүнүн мыкты үлгүлөрүнөн болгон. Алар жанрдын ички табиятын, сапаттык формасын байыта ала турган чыгармалардан экендигин атайылап басым жасоо менен көрсөтүп өтүү биздин изилдөөчүлүк милдетибиз катары бааланууга тийиш. Бул чындыктын, ошол чындыкты изилдеп жаткан илимдин талабы.

Сөз башында биз эскерме китептери түзүлүш курамы боюнча синкреттик мүнөзгө эгедер экендигин айтып өткөн болчубуз. Ырасында эле бул багыттагы чыгармалардагы аталган өзгөчөлүктү эл ырчыларынын каралып жаткан китептеринен да толук түрдө байкай алабыз. Тагыраак айтканда, ырчыларыбыздын эскерме багытында жазылган чыгармаларында элдик поэзиянын ар кыл жанрлары да өтө иш билгилик менен пайдаланылган. Алсак, өз эскерүүлөрүндө ырчыларыбыз кошоктордун, арман ырларынын, күйгөн, секетбай ырларынын жанрдык табиятына мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрдү да ыктуу колдонууга жетишкен.

Албетте, бул жерде эл ырчылары өздөрүнүн эскермелериндеги элдик кошокторду, арман ырларын, күйгөн, секетбай ырларынын үлгүлөрүн сулп-сулп бойдон эле китептерине кийирип алыптыр деген үстүрт пикир түзүлбөш керек. Сөз нугу эл ырчыларынын эскерме китептеринде элдик поэзиянын тигил же бул жанрларына мүнөздүү ички өзгөчөлүктөр ыктуу пайдаланылып, анан баяндоочунун өз башынан өткөн ички жана сырткы турмуштук окуя сүрөттөлүнүп берилгендигине күбө болобуз. Мындай учурлар да аталган багытта жаралган чыгармаларда бир топ эле учурайт. Баса, белгилеп көрсөтүп кетчү бир жагдай; элдик поэзиянын тигил же бул жанрларына тиешелүү өзгөчөлүктөрдү ырчыларыбыз баяндалып жаткан окуянын ички маңызы менен чебер айкалыштырып, абыдан билгичтик менен жуурулуштуруп бере алышкан. Натыйжада, жеке адамдын (бул жерде тикеден-тике ырчынын) башынан өткөн өзүмдүк окуя кайсы бир даражада бүткөн көркөм чыгарманын - кошоктун, арман, жоктоо, күйгөн, секетбай ырларынын денгээлине жетип турат.

Элдик поэзиядагы кошок, арман ырларынын жанрдык ички өзгөчөлүктөрү Калык менен Осмонкулда өтө кеңири пайдаланылыптыр. Кошок ырларды Калык чыгармачылык өмүр жолунун алгачкы этабын баяндоодо арбын пайдаланылгандыгын байкайбыз, анын китебиндеги дээрлик үч кошок кездешет. Мунун биринчисин ырдаган кезде болочок ырчы он үч жашар тестиер бала эле. Анын жаралышы жөнүндө өзүнүн жазганын окуп чыксак жакшы болот.

«Акы улуу баласы Орокбайды бир байга койчулукка берген. Менин он үч жаштагы кезимде, июнь айында энем (апасы Жийдени  айтып жатат-К.Ж.) каза болду. Үч жашар

---

[6] Көрсөтүлгөн китеп.-192-бет

Барпы. Көрсөтүлгөн китеп. - 194-бет.

7

бөбөгүмдү кучактап жетим калдым. Төрт музоолуу уй бар, айылдагы аялдар эки-үч күнү уйларды саап беришти. Анан кийин жолобой коюшту. Чоң манаптын айылы болсо, жүдөгөн жетимдерге ким карашсын. Боордош ага-тууган жок. Бөбөгүм ыйласа сооротуп, уйларды өзүм саап, сүтүмдү бышырып, кадимки аялдарча каймактатып каймагын сызгырып, чөбөгөсүн энеме куран окутуп келгендерге берем.

Атам үйгө кээде келсе, кээде келбейт. Ар кимге үй жыгач жасоого кетип калат. Ал чыны оокатка, малга карик киши эле.

Ошентип күз айлары болду. Куурай оромун, тезек теремин, таруу актаймын, кесме дагы кесемин.

-Ээ ата, сен аял алсаң боло? Мен куурадым го? Кудайга шүгүр малың бар, үйдүн жайы кетти. Сандаалатып таштайсың. Өлмөй болдум,-дедим бир күнү атама.

- Ээ балам, эптеп-септеп оокат кыла тургула. Мен Кадырбайдын үйүн бүтүрүп кутулуп келейин. Ар кимге сүйлөшүп көрдүм балам, мени кары деп чанып жатат... Бирөөдөн зарыгып сорпо сурабай аш-катык кылгыла,-деп бир кой союп берди да, кете берди.

Шордуу жетимдер калдык. Үч жашар бөбөгүмө: «Үйдөн чыкпа, кайтарып отургун» деп, куурайга кеттим. Куурайдан чоң жүк көтөрүп келсем капта чымчым буума ун эңшерилип калыптыр. Койдун этинин тең жарымы жок.

Ошондо ар нерсени ойлонуп, эч болбосо үйгө каралашаар бир киши жоктугуна күйүнүп, Бектурган жетимимди кучактап, энемди кошуп ыйлаганым»[8].

Мына ушундай кеңири мааниде жазылган кириш сөздөн кийин келип гана Калык апасы Жийдени кошуп ырдаган ырын окурмандарга сунуш кылат. Баарыга маалым, кошок ырлары эзелтен бери эле пенде баласынын башына түшкөн күйүттү, муң-зарды баяндап келген эмеспи. Кошок ырлары жөнүндө кыргыз фольклорун атайын изилдеген илимпоздордун бири А. Токомбаева минтип жазат: «Кошок адатта, адам өлгөндө айтылып, айтуучунун ички кайгысын, өкүнүчүн билдирген муңдуу ырдын бир түрү болуп саналат. Өлгөн адамдын жүрүш-турушу, башкаларга кылган мамилеси жана анын турпаты апыртылып, макталып ырдалгандык кошоктун бирден бир мүнөздүү белгилеринен... Кошоктун мазмуну өлгөн адамдын мүнөзүн, жүрүш-турушун, элге кылган мамилесин баяндоо болуп саналат. Ушуга байланыштуу ар кыл таамай эпитет жана салыштыруулар колдонулат»[2].

Кошок ырларына мүнөздүү болгон жогорудагы өзгөчөлүктөрдүн дээрлик баарысын биз он үч жашар Калыктын апасы Жийде жөнүндөгү кошогунан жолуктурабыз. Тестиер баланын ал кошогунда минтип айтылат:

Аттанып үйгө токтобой,
Айылга кетет атакем.
Алмадай бизди зарлатып,
Акырет кеттиң апакем.
Азапты башка жиберген,
Ажалдан калган капа экен.

Апакелеп ыйлаарга,
Келиниң менен кызың жок,
Балдарың көрүп турарга,
Апаке, басып кеткен изиң жок.

Уулдан убай көрбөдүң,
Убайым сенин өлгөнүң.
Балаңдан убай көрбөдүң,
Апаке, башыма кайгы өлгөнүң.
Чырмалбай калды ашканаң,
Чыркырап ыйлайт жаш балаң.

---

[8]К. Акиев. Баскан жол, 31-32-беттер.

[2]А. Токомбаева. Кошок. Китепте: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки.-Ф.: Илим, 1973, 121-бет.

Чын өлүмдүн күчтүүсү,
Апаке, чырагым жетим таштаган.

Үйүң калды тигилбей,
Үзүгүң калды бүрүлбөй,
Үшкүрүгү таш жарып,
Апаке, үч жетим калдык түңүлбөй.
Апаке, карыбың жүрө кагылат,
Кагылганча жабыгат.

Калык, Бекиш, Орокбай,
Кайгырып күндө сагынат.
Кайрат кылып туралык,
Кажынып оокат кылалык,
Арман ай, апабыз кайдан табылат...[9]

Албетте, адам -баласынын башына түшкөн өзгөчө бир кайгы-касиретти баяндаган, болгондо да көркөм баяндаган кошок ырларынын айлана-чөйрөдөгүлөргө тийгизген таасири өтө күчтүү, өтө эле өз алдынча болору да белгилүү. Бала Калыктын сөз болуп жаткан кошогунан да биз аталган жанрдагы ырлардын дал ушундай таасир-күчүн ачык байкайбыз. Ушул жагдайды Калык өзү кагазга жакшы түшүргөн.

«Бектурганды кучактап алып энемди кошуп ботодой боздоп. ыйлай берипмин. Айылдагы катын-бала менин муңумду, үнүмдү уккан соң жабыла келип, ыйлабаганы жок, көбүнчө аялдар мурдунун суусун тарта албай солкулдашыптыр.

-Аа айланайын, ырас эле эмеспи. Байкуш Жийде ушу Калыктын убайын көрөр кезинде өлбөдүбү? Байкуш Жийде Калыктын булбулдай тилин, күкүктөй үнүн угуп, убай-урматын көрүп өлсөчү...»[2]

Ошону менен бирге, окумуштуулар адилет белгилеп жүрүшкөндөй, «кээде өз эмгеги, жүрүш-турушу, мамилеси менен элге дайын болгон адамдар өлгөндө ырчылар, кошокчулар тарабынан да кошок чыгарылган»[3]. Бир гана кошумчалап кете турган нерсе: тээ мурдагы замандарда, башкача айтканда, ырчыларыбыз өздөрү жашаган доорлордо, чоң-чоң байлар, бийлер, атактуу манаптар, абройлуу ажылар өз жакындары урук-туугандары кайтыш болгондо элге таанымал ырчыларга кошок чыгартышып, аны калың элдин алдында коштуруп ырдатышкан. Дал ушундай көрүнүштүн айкын мисалдарын биз Калыктын кийинки эки кошок ырынан көрөбүз.

Бул кошоктордун экөөнү тең жаш Калык Төрөкелди манапка ырчы болуп жүргөндө кошуп ырдаган. Биринчиси Төрөкелдинин жакыныраак туугандары болгон Чоробай ажы деген чириген бай кайтыш болгондо кошулуп ырдалса, экинчиси да Төрөкелдинин талабы менен Асыран байдын байбичеси көз жумганда кошулуп ырдалган элде. Бул эки кошокто тең бай менен байбиченин идеалдуу образы түзүлүп ырга кошулат. «Короого коюң жык толгон // Коргонуң белден кык болгон», «Байлыгын балдай ириген // Ажы ага, баканың майга чириген» деп маркумдун ченемсиз байлыгын ырдай келип анан:

Ажылыкка бардыңыз,
Абзы ковсор[10] суусуна
Ооз чайкап, даарат алдыңыз.
Арапат тоого чыккансың
Ажы ата, азандын үнүн уккансың[2], - деп

маркумдун өзгөчө бир ажылык сапарын даңазалайт. Айтылып өткөндөй, маркумду дал ушундай духта мактап ырдоо кошок ырларынын эзелтен келаткан жанрдык өзгөчөлүгү болуп эсептелинет.

---

[9]К. Акиев, Баскан жол, 32,33,34-беттер.
[2] К. Акиев. Баскан жол, 34-бет.
[3] А. Токомбаева. Кошок.-көрсөтүлгөн китеп. 121-бет
[10] Абзы ковсор - касиеттүү бейиш суу.
[2] К. Акиев. Баскан жол, 36,37-беттер.
[3] К. Акиев. Баскан жол, 37,38-беттер.

Атайын белгилей кетүүчү дагы бир нерсе - минтип бирөөлөрдү кошуп ырдаган кошокторунда да эл ырчылары өз тагдырлары, өздөрүнүн ырчылык өмүрлөрү жөнүндө да эскере айттырышып, ал кошокторду өз өмүр жолдору менен эриш-аркакта сүрөттөп беришет. Бул болсо, биринчиден, ырчылардын өздөрүнүн өмүр-чыгармаларынан, чыгармачылык жолунун өсүп, жетилүүсүнөн кабар берип турса, экинчи жагынан, эскерме китебин дагы да толук кандуу абалга жеткирип, аны маани-мазмунун жоктон тереңдетип, жугумдуулугун арттырып турат.

Мисалы, Чоробай ажы жөнүндөгү кошок ыр мындайча кошумча баян менен бүтөт: «Көпчүлүк таңданышты:

- Бул Акы устанын баласы кыйын ырчы болду...
- Бечара жетим, адам болот...

Оо менин, ырчым, балтыры толуп, башы чоңойгондо ырчыларды басат! - деп Төрөгелди мага бир карагер кунан берди.

Чоң ырчыларга чоң-чоң ат берди. Кунанды коштоп алып үйгө бардым»3.

Ушундай эле көрүнүштү биз Асыран байдын байбичеси өлгөндөгү Калыктын кошкон кошогунан да байкасак болот. Алгач байбиченин:

Ак болот кайчы кармаган,
Абысын көөнү калбаган,
Ач, арыктар, жоксуздар,

Алдына келсе жалгаган[11],- деп билеселүү, бардам, «ак болот кайчы кармаган» уздун зоболосун көтөрүп, өзгөчө бир адам суктанарлык оң образын жаратып кошуп ырдап турган Калыкка:

«-Ой ырчы, берки өзүңдүн төл ырыңдан кое бергин, эл уксун» деди Төрөгелди.

«Уят, жаман ыр, ырдабайын дейм», Төрөгелдиден корком, ырдайын десем элден тартынам.

- Ырда!- деди Төрөгелди зиркилдеп. Эмне болсо ошо болсун деп ырдап кое бердим.
- Жаш бала экен, жаш да болсо ырас ырдады- дешип турган аялдар, уят ырга келгенде эле:
- Өлүгүңдү көрөйүн, оозу бузулуп кеткенин!-дешип каргап-шилеп, жерге түкүрүп тарап жөнөштү. Алар жерге эмес менин бетиме түкүргөндөй боло түштүм, маанайым басылды. Дөөгүрсүгөн манаптар өлүк үстүндө да уят ырларды эл алдында айттырышчу, абийирибизди күлдөй төгүштү. Ал тургай ырчыларды кайра айтыштырып, бири- бирине өчүктүрүп коюшар эле.. .»[2].

Эл ырчыларынын эскермелериндеги кошок жанрындагы чыгармаларды жаратуучулары оңой-олтоң эле боло койбогондугун да өз ооздорунан угабыз. Ошол эле Калык апасы Жийденин өлүмүн кошкон кошоктон башка берки экөөнү тең Чоробай ажы менен Асыран байдын байбичеси жөнүндөгү кошокторду - башка ырчылардан (биринчисинин Жаңыбай ырчыдан, экинчисин Курман ырчыдан) үйрөнүп ырдагандыгын майда-чүйдөсүнө чейин чечмелеп баяндап берет[3].

Минтип кошокту үйрөнүп айтуу ишин Осмонкул төкмөнүн эскерүүлөрүнөн да жолуктурабыз. Атактуу төкмө минтип жазат: «Бизге жанаша конгон Сарман уруусунун ичинде бир үйлүү <u>дөөлөс</u> кемпир-чал бар эле. Ошолордун жалгыз уулун сармандардын чоң байы Соодалынын балдары бозо ичип олтурушуп, өлтүрүп коюшат.

Кармыш өтө эстүү, байдын көпкөн балдарынын онуна татыган күчтүү жигит эле. Жалгыз гана айыбы кедейлик. Кайран жигиттин баскан-турганы, кылык-жоругу, тамашакөйлүгү көзүмө элестеп, карындашынын өтүнүчү боюнча кошок чыгардым. Башта кошок жазбагандыктан кандайча жазарымды билбей аябай кыйналдым. Апаман сурасам:

---

[11] Ошондо. 63-бет.

[2] К. Акиев. Баскан жол, 64-бет.

[3] Ошондо. 35-36, 61-62-беттер.

-Жол-жобосун атаң жакшы билет Ошондон сурагын. Минтип кыйналып жатсам...-деп кейип койду. Кечинде атам кошокту чыгарыштын жолдорун түшүндүрө баштады»[12].

Кармыш жөнүндөгү кошогунда Осмонкул төкмө жеке пенденин тагдырын бүтүндөй бир коомдук турмуштун ал абалынын деңгээлине көтөрүп, ошол замандын курч социалдык маселелерин козгой ырдаганга чейин жетише алган десек болот. Кармыштын өлүмү ата-эне, бир боор тууган-уруктун башына түшкөн каран күн, чексиз арман экенин айтуу менен Осмонкул бул кошогунда мына бул сыяктуу саптарды жазат:

Бир боорум,
Бечара кедей кор экен,
Байлардын күнү шок экен.
Каяша кылып кун кууга,
Кедейдин эрки жок экен.
Бир боорум,
Жалчы-жакыр кор экен,
«Жакшынын» көөнү ток экен,
«Байкуштар өлсө ...» деп койгон,
Байларда уят жок экен[13].

Ошентип, залкар төкмө чакан гана кошок ырында да, белгиленип өткөндөй, өз заманынын көйгөй маселесин козгоп, коомдук-социалдык жагдайды көргөнүн көргөндөй, билгенин билгендей таамай айтканга жетише алган десек болот. Ал эми мындай эпизоддор эскерме китептерин маани-мазмундук жактан салмагын арттырып, ички түзүлүш структурасын катмарлаштырып, формасын байытып турары баарыбызга белгилүү эмеспи.

**Адабияттар**


1. Барпы. Чыгармаларынын бир томдук жыйнагы.-Ф.: Кыргыхзстан, 1970.-190-бет.
2. Барпы. Чыгармаларынын бир томдук жыйнагы.-Ф.: Кыргызстан, 1970.-190,192-беттер.
3 . К. Акиев. Баскан жол, 31-32-беттер.
4. А. Токомбаева. Кошок. Китепте: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. -Ф.: Илим, 1973, 121-бет.
5. К. Акиев, Баскан жол, 32,33,34-беттер.
6. К. Акиев. Баскан жол, 34-бет.
7. А. Токомбаева. Кошок.-көрсөтүлгөн китеп. 121-бет
8. К. Акиев. Баскан жол, 36,37-беттер.
9. К. Акиев. Баскан жол, 37,38-беттер.
10. К. Акиев. Баскан жол, 64-бет.
1. Осмонкул. Менин өмүрүм. 30-31беттер.
0. Осмонкул. Менин өмүрүм. 32-бет


[12] Осмонкул. Менин өүрүм. 30-31беттер.
[13] Осмонкул. Менин өмүрүм. 32-бет.